# Протокол №1

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү

13.09.2017-ж

Катышкандар: Мугалимдер - 30
Ата-эне - 102
Турсуналиев Э. - жаш өспүрүмдөр инспектору

Каралуучу маселе:

1. 2016-2017-о.ж. иштелген иштин анализи.
2. Суу санитария жана гигиена окуучулар үчүн.
3. Камкорчулар кеңешинин бир жылдык ишинин маалыматы.
4. Ар кандай маселелер.

Кеңештин жүрүшү:

Кеңешмени тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абышова М ачып жумушчу приездиумду сунуштады:

Жумушчу приездиум:

1. Огорбаева Г.М.
2. Жунушалиева Э

Мектептин директоруна 1-маселе боюнча сөз берилди:

Угулду: "2016-2017-о.ж. 34 мугалим эмгектенди. 401 окуучу билим алды. Билим сапат:47,5% 30 мугалим жогорку билимдүү, 4 мугалим атайын орто билимге ээ. Эки жаш мугалим: Джамгырчиева А биолог, Эшимканов Ахимия мугалими келишкен. Бирок быйылкы окуу жылында иштебей кетип калышты. Себеби айлыгы аз экен дешти.

Отличник окуучулардын тизмеси окулду. (тиркелет)

11-классты 27 окуучу бүттү. 17 окуучу жогорку окуу жайына тапшырышты. 4 окуучу колледжге 4 окуучу лицейге 2 окуучу иштеп жатат.

ЖРТ боюнча жогорку бал 193 болду Жумалиева Үмүт тапшырды 24 окуучу ЖРТ тапшырган: анын ичинен 110 балдан жогорку 10 окуучу, калган 14 окуучу 110 балга жеткен жок.

Райондук олимпиадада 21 окуучу катышып 7 окуучу байгелүү орундарга ээ болду. 1 окуучу Сатыбалдиева Э химия предмети боюнча областтык олимпиадага катышып, бирок байгелүү орунга жеткен жок. Улуттук тесттин жыйынтыгы боюнча биздин окуучулар жакшы результатка жетти.

Мектептин ремонтуна бюджеттен 37333сом бөлүндү.

Айыл окмөтү тарабынан 34243сом бөлүнгөн. Мектеп жаңы окуу жылына краскаланып, акталып даяр болду. Кышка карата терезелер жылууланды. Окуучулар райондо өткөрүлгөн конкурстарга катышып диплом менен сыйланышты. Баардыгы "Биздин жетишкендиктер" тактасында илинип турат, окуп таанышыңыздар.

Ата-энелер тарабынан б.а.11б-кл терезелерин көтөрүштү, 9а-класс эшигин көтөрдү.

Быйылкы 20 жылдыктар 5 топ. картинка алып келишти.

Ата-энелерге кайрылуу:

"Балдардын жакшы окуусу үчүн, тесттен жакшы результат алуу үчүн сиздер шарт түзүп, жардам бересиздер. Баардыгыбыз бирге балдардын билим сапатын көтөрөлү."

Суроо болсо бериңиздер: Суроо жок.

Жарыш сөздөр:

Кулова Калиман –"Биздин мектепте балдар жакшы окушат. Менин балдарым эң жакшы окушкан, азыр неберелерим окуп жатат алар дагы жакшы окушат. Үйдөн ата-энелер жардам беришибиз керек. Мугалимдерге рахмат"
Ниязова Нуриша- "Менин балдарым дагы жакшы окушту азыркы окуп жаткан балам дагы жакшы окуйт. Ата-энелер үйдөн дагы балдарга жардам берели.

Жогорку айтылгандардын негизинде жыйналыш токтом кылат:

Чечим:

1. 2016-2017-о.ж. иштелген иштин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп бааланcын.
2. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү, ЖРТга активдүү катышуу, жогорку балга жетүү жагын колго алуу мектеп администрациясына, мугалимдерге, ата-энелерге милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн.

Каралуучу экинчи маселе боюнча ата-энелерге
"Суу, санитария жана гигиена" боюнча видео көрсөтүлдү.тазалыкты сактоо үчүн комитет түзүлдү. Жалпы айылдын тазалыгын сактоо, гигиена жөнүндө сөз болду. Мектепте суу, санитария жана гигиена боюнча бир жылдык план сунушталып бекитилди.
Султанов Б-ата-эне:
Жолдун жээгин балдар тазалайт. Азыр карасаңар элдер жолго чейин төгүп салган. Тазалык баарыбызга тиешелүү. Тапшырмаларды алып таштаса.

Жогорку айтылгандардын негизинде жыйналыш токтом кабыл алды.

Чечим:

1. Суу, санитария жана гигиена боюнча түзүлгөн комитет кабыл алынсын.
2. Суу, санитария жана гигиенаны сактоо жалпы коомчулукка милдеттендирилсин.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча камкорчулар кеңешинин жетекчиси Жунушалиев Э сөз берилди.
Бир жылдык иштеген иши боюнча отчет берди (тиркелет)
Жаңы окуу жылына карата 40000сомго жетишпеген 203 китеп сатып келгенин билдирди.
Мүчөлүк акыны бербеген ата-энелерди айтып эскертүү берди.
Суроо: Бакиров Э
Мектептин жумушчусу "Мектепте бузулган эмеректи оңдоо үчүн куралдар керек, ошолорду алып бересиңер.
Сунуш кабыл алынып колдоого алынды.

Чечим.

1. Камкорчулардын бир жылдык иштеген иши канааттандыраарлык деп бааланcын.
2. Мүчөлүк акы төлөбөгөн ата-энелерге эскертүү берилсин.
3. Ар бир чейрек сайын 100 сомдон төлөө жагы ата- энелерге милдеттендирилсин.

Каралуучу ар кандай маселелер боюнча мектептин директору төмөнкүлөргө токтолду:
Угулду: окуучулардын тарбиясына көңүл бурушубуз керек. Рекетчилик деген, суицит, уюлдук телефондо ар кандай маалымат оюндар болуп жатат.
Азыр балдардын психологиясы дагы өзгөрдү. Сөз көтөрө албайт. Ошондуктан өзүн-өзү өлтүрүү болуп жатат. Бизде болгон жок бирок алдын ала иш жүргүзбөсөк болбойт.
Ата-энелер үйдө балдарыңарга туура тарбия бересиңер. Зордук, зомбулук көрсөтпөй жай сүйлөп түшүндүрүү иштерин жүргүзсөңөр.
Суроо: Күзгү жумушка балдар жарабайбы?
Жооп: Балдар жарабайт.
Өзүңөрдүн жумушуңар болсо арыз жазып сурап алсаңар болот.

Болбойт.
Суроо: Форма өзгөрдүбү?
Мини юбкага уруксат берилдиби?
Жооп: Уруксат берилген жок. Эки жыл мурун кабыл алынган мектептик форма (үстү ак, алды кара).
Каралуучу ар кандай маселе боюнча жыйналыш токтом кылат.

Чечим:

1. Балдардын тартибин, техникалык коопсуздугун сактоо класс жетекчиге, мектеп администрациясына , ата-энеге милдеттендирилсин.
2. Мектепке форма менен келүү жана уюлдук телефон алып келүү жана уюлдук телефон алып келбөөгө көзөмөл кылуу жагы ата-энеге жүктөлсүн.
3. Сабакты себепсиз калтырбоо, сабакка кечигип келүүнү болтурбоо, айыл-чарба жумушуна балдарын арыз менен суранып алуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
4. Мектепке уюлдук телефон алып келбесин.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**
**Катчы: Ж.Канкулиева**

## Протокол №2
## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин ата-энелер жыйналышы

17.01.2018-ж

| | | | |
|---|---|---|---|
| Катышкандар: | Мугалимдер | - | 28 |
| | Ата-эне | - | 82 |
| | Бейшеналиев Б | - | а/о катчы |

Каралуучу маселе:

1. "Адам болуу –аста – аста" -тема
2. 1-жарым жылдыктын жыйынтыгы.
3. Каникул күндөрүндө окуучулардын коопсуздугун сактоо.

Жыйналыштын жүрүшү:
Жыйналышты мектептин директору ачты:
Келе жаткан жаңы жылы менен катышуучуларды куттуктады.
Жумушчу президиум шайланды:

1. Бейшеналиев Б А/ө катчысы
2. Оторбаева Г.М. мек.директору
3. Мусталиева Ж – камкорчулар кеңешинин катчысы.
4. Назарова Б – ата-эне
5. Султангазиев Н – ата-эне

Каралуучу 1-маселе боюнча Абышова М соз берилди.

Угулду: Урматтуу ата-энелер келе жаткан жаңы жылыңар менен куттуктайм.
I-жарым жылдын иштеген тарбиялык иштер чагылдырылды (тиркелет).
Жарыш сөздөр:

1. Сагарова М-балдарыбыздын адам болуусуна ата-эне милдеттүү болуш керек. Тартибине, сабактан кечикпей келүүсүнө жардам беришибиз керек. Менин кызым тоодо сарайдан келет. Кечикпейт. Эртең менен саат 6.30да тургузам.
2. Акматов Э – Эртең менен тургузам эрте бар деймбирок кечигип келет экен көз салайын.
3. Бейшеналиев Б- Кечиккенин, сабактан калганын ата-эне көңүл бурса болот. Оң негизгиси балдарыбыз келечекте ким болот? Ошого карата тарбия беришибиз керек. "Адам болуу аста-акта". Оң жакшы доклад окулду жакшы мисалдар келтирилиптир. Биз балдарыбызга оң жолго түшүүгө (суицит, наркотик, алкогол ж.б.) тарбиялайлы.
4. Оторбаева Г – Туура оң жолго тарбиялайлы. Бакыттан сураныч магазинде сатылуучу насыбай, спирт ичимдиктери, тамеки дегендерди жаш өспүрүмдөргө сатпаса. Кайрылып, сунуш киргизип келе жатабыз. Ушуну ишке ашырсаңар, көзөмөл жүргүзсөңөр.

Ата-энелер балдарыңардын психологиясы азыр башкача. Тарбияла десе эле сабап жатып калбагыла. Сөз менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керек.

- Жогорку айтылгандардын негизинде чечим кабыл алды.

Чечим

1. Балдарды келечекте адамболуу элди ойлогон элдик бала болуп тарбияланып чыгышына ата-эне жана мугалимдер, жалпы коомчулукка милдеттендирилсин.
2. Айылдын дүкөндөрүндө балдарга тамеки, насыбай, спирт ичимдиктерин саттырбоо жагын колго алуу А/о, коопсуз кызматкерлеринен аксакалдар сотунан, депутаттардан суралсын.

Каралуучу экинчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О. сөз берилди.

Угулду: жаңы жыл менен куттуктады.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек- | бардыгы | кыз | кетти | келди |
| | 396 | 180 | 15 | 5 |
| 2-чейрек | 386 | 176 | | |

Жетишүүсү 98%

Билим сапаты 33,8%

Отличник-17%

Ударник – 84% ....(тиркелет)

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Тентимишева Г – Урматтуу ата-энелер балдардын окуусуна көңүл бурсаңар балдарыңар тапшырма берген жок деп барат экен. Ар бир мугалим үйгө тапшырма берет. Үйдөн окуганга убакыт берип көзөмөлдөп койсоңор. 7ª-класстын ата-энелери сабакка катышты эле кадимкидей оңолуп калды.
2. Кадралиев А- Чындыгында азыр балдар башкача. Уюлдук телефон деген балакет болду. Илгери эч нерсе жок балдар китеп окучу эле азыр китеп окуган бала жок. Неберемди сабак оку десем китебин ачып окуп жатат жанында телефон. Телефонду карабай даярдан десем. Интернеттен керектүү нерсени карап жатам дейт.

Техниканын заманы болуптур.

3. Макешов Н – Информатикадан 9-класстагы балам 2 чыккан экен үйдөн жардам берейин.
4. Тойболотов Б – азыркы балдар окубайт. Арасында 2,3 бала жакшы окуйт болуш керек. Менин балам деле китеп ачпайт. Оку десең эле окудум дейт. Карасаң колунда телефон. Ата-энелер телефонду бекер эле алып берет экенбиз. Жогорку окуу жайына барса деле акча болуп калыптыр. Ата- эненин чөнтөгү калың болсо жогорку окуу жайында окуйт экен.

5. Оторбаева Г – Ата-энелер балдар жакшы окуса ата-эненин чонгогуно деле карабайт.ЖРТ эң жакшы жогорку балды берсинчи. Каалаган окуусуна бюджетке өтөт. Эң жакшы окуганга шарт түзүшүбүз керек. Кымбат телефон алып бергенче тесттик иштерди алып берсеңиздер.

Жогорку талкуунун негизинде жыйналыш токтом кылат

Чечим:

1. Балдардын окууга болгон кызыгуусун арттыруу, шарт түзүү жагы ата-энеге мугалимдерге, мектеп администрациясына милдеттендирилсин.
2. Ачык эшик күнүндө жалпы ата-энелердин сабакка катышуусу жандандырылсын ар бир ата-энеге, класс жетекчиге милдеттендирилсин.
3. Балдардын билим сапатын котөрүү тесттик материалдар менен көбүрөөк иштөө жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча мектептин директору Оторбаева Г.М.
Билдирүү жасады: "Ата-энелер 30-декабрдан баштап каникулга чыгат. 10-январда окуу башталат. 10 күн аралыкта балдар ата-энелердин карамагында болот. Балдардын коопсуздугун сактоону колго алыңыздар. 11-класстар үчүн 2-январдан 20-январга чейин СЭКом уюштурган окуу башталат 3000сом акысы эгер мүмкүнчүлүгүңөр болсо Бишкекке окууга жиберсеңер болот.

Жыйналыш чечим кылат

Чечим:

1. 30-январдан 10-январга чейинки каникул күндөрүндө окуучулардын коопсуздугун сактоо ата-энелерге милдеттендирилсин.
2. Кечкисин 21.00дон кийин эшикте окуучулар жүргөнгө тыюу салынсын.

Мектеп директору: Г.М.Оторбаева
Катчы: Канкулуева Ж

## Протокол №3

### Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү.

22.05.2018-ж

Катышкандар: Мугалимдер - 30
Ата-эне - 51
Жекшенбаев М.Т.- жаш өспүрүмдөр инспектору

Каралуучу маселе:

1. "Акыркы коңгуроо" жана бүтүрүүчүлөр документ тапшыруу аземи жөнүндө.
2. Мамлекеттик экзаменди өткөрүү тартиби жөнүндө.
3. Аттестация учурунда окуучулардын коопсуздугун сактоодо ата-энелердин, мектеп жамаатынын милдеттери жөнүндө.

Жыйналыштын жүрүшү:

Мектеп директору жыйналышты ачып төмөнкүлөрдү билдирди:

Угулду: "Быйылкы жылы 9-классты 39 окуучу 11-классты 29 окуучу аяктап жатат.

25-майда Акыркы коңгуроо болот. Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-ж 3-март №252/1 жана 2018-ж 2-май №533/1 буйруктары менен тааныштырды. Ошондой эле экзамен, консультациялардын графиктерин окуп тааныштарды. Окуучулардын тартибин, коопсуздугун сактоо 25-майдан 23-июнда чейин ата-энелер тарабынан дежурствонун уюшулушун сунуштады.

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Досова Ж – Азыр балдар, кыздардын кобү орозо экен эч кандай деле отуруш, кече болбойт. Андан көрө балдарыбызды эрте тургузуп консультациядан, экзаменден кечиктирбейли.
2. Тойболотов Б – Ар бир ата-эне балдарына түшүндүрүп айтса, көзөмөлдөсө эч кандай тартип бузуулар болбойт. Милдетти ата-эне кабыл алышыбыз керек. Ар бирибиз балдардын коопсуздугун сактайбыз деп тил кат берели.
3. Жекшенбаев М.Т.-жаш өспүрүмдөр инспектору: "Урматтуу ата-энелер балдарыңыздар бүтүп жатыштыр. Жакшы бүтүп документтерин алып өздөрү каалаган окуу жайга өтүп кетишсин. Азыр жаш өспүрүмдөр арасында ар кандай кылмыштар көп болуп жатат. Мисалы үчүн 25-майда жана документ алып жатканда балдарыңызга машиналарды берип коёсуздар. Эгер отуруш уюштуруп берсеңер бизге билдиргиле. Балдарга ата-эне карап керек. Мугалимдер сабак берет, билим берет, үйүңөргө барып балдарыңарды кайтарып береби. Азыр ата-энеге балдарыңар тентек кылса штраф салынат. Балдарыңар аман-эсен бүтүп кетишсин.

Жогорку талкуулардан кийин жыйналыш чечим кабыл алды.

Чечим:

1. Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-ж 03.03 №252/1 жана 02.05.2018-ж №533/1 буйруктарын так аткаруу ата-энелерге жана мугалимдерге, класс жетекчилерге, мектеп администрациясына милдеттендирилсин.
2. Окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында 25-майдан 24-июнга чейин мугалимдер жана ата-энелер арасында дежурство уюштурулсун.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн.

**Мектеп директору: Оторбаева Г.М.**